
## ● Кыргыз Эл сүрөтчүсү Гапар Айтиевдин туулган күнүнө 90 жыл



**Кыргыз журтчулугуна белгилүү инсан, Ленин, Эмгек Кызыл Туу, Ардак белгиси ордендеринин жана Кыргыз Республикасынын "Манас" орденинин ээси, бир нече китептердин автору, жазуучу, эмгек ардагери, Оштун ардактуу тургуну Бөпө Каримова өз учурунда Гапар Айтиевди жакшы таанып билген, учурашкан, чыгармачылык маанайда пикир алышкан инсандардын бири. Биз ага Кыргыз Эл сүрөтчүсү Гапар Айтиевдин 90 жылдык маарекеси белгиленип жаткан күндө жолугуп, ага айрым суроолор менен кайрылдык.**

# Залкар сүрөткер, даанышман инсан





***-Урматтуу Бөпө эже, Гапар Айтиев менен партиялык, советтик кызматтарда иштеп жүргөн учурларыңызда, депутат сыпатында Жогорку Кеңештин сессияларында көп эле бетме-бет келип пикир алмашкан учурларыңыз болуптур?***

Ал кишини мен мурда эле атын угуп, сыртынан көрүп тарткан канча келип калды. Ошол кездеги ыраматылык партиянын райкомунун биринчи катчысы экөөбүз аны менен чогуу жүрүп, коноктоп дегендей бирге болдук. Эл журтту араладык, баарлаштык.

Ошол баарлашууда Социалисттик Эмгектин Баатыры Өлмаскан Атабекованын портретин

Төлөйкөндөгү Сатыбалды деген тууганыныкына бирге барып келүүнү суранды. Бардык, биз да чай берип, үй-бүлөсү менен сыйладык. Сөзүн уктук, баарлаштык.

Айтмакчы, ал күндөрү анын партиянын Ош обкомунун биринчи катчысы Ренат Саттарович Кулматовдун кабыл алуусундаболо албай 2-3 күн убара чеккендигин бизге байбичеси айтып берди. Көрсө, Гапар аке Төлөйкөндөгү атасынын үйүнүн ордуна өзүнүн үй музейин куруу жөнүндөгү маселе менен кайрылмакчы болгон экен. Бирок, ал кишинин бул ой-максаты көзү өтүп кеткендигине байланыштуу аткарылбай калды.

Ошол Төлөйкөндөгү тууганыныкында олтурганыбызда кеп арасында Гапар аке согуш мезгилиндеги бир эпизодду бизге сүйлөп берди.

"Мен согуш башталган күндөн тартып эле, өз ыктыярым менен майданга барууну чечтим. Жоомарт, Мукай Элебаев, Узакбай Абдыкаимов, дагы бир топторубуз бир мезгилде аттандык. Биз поезд менен Ташкенге келдик. Ошол жерде мен Ташкенде жашап иштеп калган, эски досум, Өзбекстандын сүрөтчүлөр Союзун башкарган чоң сүрөтчү Урал Таңсыкбаевге учурап калдым. Ал мени көрүп калып, Чыгармачыл адамдар согушка барбасын деген жогор жактын Указы бар го, сен калышың керек",-деди. Согуштан мени алып калуу аракетинде болуп, дароо Өзбекстандын Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы Усман Юсуповго чыккан экен. Эртеси Усман Юсупов өзүнүн жардамчысын жөнөтүптүр. Ал мени "Гапар Айтиев" деген ким деп вагондон вагонду кыдырып жүрүп,



угуп, сыртынан көрүп тарткан сүрөттөрү менен таанышып жүрсөм да негизинен депутат болгон жылдарымда, көбүнчө Жогорку Кеңештин сессияларында, чоң жыйындарда көрүп жакындан билип калдым. Жапалдаш бойлуу, сары чийкил, көзү жүлжүйгөн, бирок, кыраакы, ойчул тиктеген адам эле. Ошол кезде Гапар аке да Жогорку Кеңештин депутаттар корпусун башкарчу. Тигил же бул актуалдуу маселелер боюнча эл алдына чыгып көп сүйлөчү.

Ал өзүнүн бала чагын өткөргөн Түштүк жергесине көп эле келчү. "Тууган жеримди сагынып келем" дечү. Чынында атасы Айти экөө жокчулуктун айынан ар кимдин колунда иштеп, жаштыгын Ош аймагында, анын ичинде өзү туулуп өскөн мобу Кара-Суу районуна караштуу Төлөйкөн айылында өткөрдү. Бир курдай Гапар аке, 1973-жыл болсо керек, Фрунзе районунда (азыркы Кадамжай) аткаруу комитетинин төрайымы болуп иштеп турганымда Кожоев Сатыбалды деген тууганына учурашкан Атабекованын портретин тартып жатканын, бирок, анын образын накта жарата албай убараланганын да айтып бергени эсимде. Туз насип буйруп, Фрунзеге Республикалык бир чоң жыйынга барганымда Өлмаскан экөөбүз анын чакыруусу менен сүрөт мастерскаясында болдук. "Сен Бөпө, карап олтур, эрикпесең" деди. Ал Өлмасканды тургузуп коюп тартып жатты. Өлмаскан чарчап кетип, отуруп алып, сүрөтчү болсо анын сырткы образдуу тиктеп турушун, баарысы табигый болушун талап кылып жатты.

Гапар акенин мастерскаясы чоң, бирок, жупуну, жөнөкөй ар кандай бүткөн да, бүтпөгөн да сүрөттөргө бай экен. Сүрөтчүнүн иши өтө татаал, түйшүктүү экендигин ошондо бир байкадым.

Кийин 1982-жыл болсо керек, Майли-Сай шаарында иштеп турган учурумда Фрунзеге барып калдым...

***-Ошол жылы Гапар аке Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наамды албады беле?***



-Ооба, ал учурда мен бир кызык кырдаалга туш келдим. 25-октябрь болуш керек. Убактым боло калып, азыркы Республикалык мамлекеттик сүрөт музейине кирип, баягыда Гапар аке тарткан Өлмаскан Атабекованын сүрөтүн көргүм келди. Кандай бүткөн экен деп кызыктым. Тулку денеси менен тик турган табигый, жарашыктуу, сөөлөттүү, эмгекчил, жөнөкөй аялдын турум-турпаты, образы көз алдымда турду. Чынында эле ал бир топ убарагерчилик, эмгек менен тартылбады беле. Ага өзүм да күбө болбодумбу.

Ошондо бул музейдин директору учурап, мага Гапар Айтиевге Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилгендигин айтты. Өзүм да мейманканага келип, радиодон уктум. Мен кыргыздын тунгуч чоң сүрөтчүсүнүн көп жылдык эмгеги адилет бааланып турганына кубанып, ичим жылып Гапар акеге телефон чалып куттуктадым. Гапар акени ал күнү Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы Турдахун Усубалиев, Казакстандан Динмухамет Кунаев да телефон чалып куттукташканын айтты.

Ошондон көп өтпөй эле Гапар аке аялы Рапита эже менен Ошко келип калышты. Аны Оштун мейманканасынын жанында таяк кармап турганын көрдүм. Мурда эч таякчан жүргөн эмес. Ал кезде деми кыстыгып, ооруп жүргөн экен. Мен Гапар акени байбичеси менен үйгө конокко чакырдым. Анда ал "Барайын, үйүң канчанчы кабатта" деп сурады. Мен "экинчи" десем анда "Капа болбойсуң, рахмат, мен бара албайм",- деди ден соолугун айтып. Анан өзү бизди

издеп таап, "жүрүңүз, сизди Усман Юсупов чакырып жатат",-деди. Мен таң калып, бардым, эмне болуп кетти дедим ичимде. Мындай чоң кызматтагы киши менен бирде-экиде болгон эмесмин. Таанымбайм дагы. Эшикти ачып кирсем, көз алдымда ушунчалык бакубат чоң адам турду. Өзү гимнастерка кийген, бутунда өтүгү бар. Келип эле мени кучактап бооруна басып, көрүшүп, отуруңуз деп колтугумдан жөлөп келип, отургучка отургузуп сүйлөшүп калды. Ал "Гапаржан, мен Сизди билем. Урал Таңсыкбаев мага көп айткан, Сиздин сүрөттөрүңүздү да көргөнбүз. Биз бир Ферганалык болобуз. Өзбек-кыргыз бир эл, бир журт. Мен Кыргызстандын жазуучуларын, акындарын, артисттерин жакшы билем. Художниктердин бардыгы армияга кетип жатканын угуп аябай капа болдум. Алар кайра келеби да келбейби. Ал эми Сиз барсаңыз, көп болсо, 2 немецти өлтүрөрсүз, балким андан да көп иш кыларсыз. Бирок, бул жерде көп пайдалуусуз. Калыңыз. Кааласаңыз, Ташкенде калыңыз, сүрөтчүлөр уюмун башкарып бериңиз",-деди. Ошондо мен ага терең ыраазы болуп, "Усман аке, мээрмандыгыңыз үчүн Сизге катта ырахмат. Өзүмдүн кыргыз элим, жерим бар, мен ошол жерге керекмин",-дедим. Ал: "Патриот экенсиз. Сизге оофарим, согуштан сак саламат кайтып келиңиз. Сизден өлүм алыс болсун, октор Сизди айланып өтсүн", -деп мага ак тилегин билдирип, узатты.

**Маектешкен**
**Абдисатар СУЛТАНОВ,**
***«Ош жаңырыгы»***

***Сүрөттөрү М.ЖАКЫПОВдуку***

# Гапар Айтиевдин эстафетасы улануудa

Кыргызстандын сүрөт искусствосунун негиздөөчүлөрүнүн бири, Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССРдин эл сүрөтчүсү, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, залкар сүрөткер Гапар Айтиевдин туулгандыгынын 90 жылдыгын Республикабыздын коомчулугу зор урмат менен белгилешти. Ага байланыштуу шаршемби күнү улуу инсанды эскерүү, анын 90 жылдык маарекесин белгилөө салтанаты Ош шаарында жогорку деңгээлде өттү.

Бул күнү эрте менен облустун коомчулугу, интеллегенциянын өкүлдөрү алгач Оштогу көркөм сүрөт көргөзмө залында Г.Айтиевдин жана Түштүк жергесиндеги кыл калемгерлердин эмгектери менен кеңири таанышып, андан соң шаардагы Г.Айтиевдин ысмын алып жүргөн балдардын көркөм сүрөт орто мектебинде салтанаттуу жыйын өткөрүлдү. Облустук мамлекеттик администрациясынын башчысы-губернатор Накен Касиев Гапар Айтиевдин өмүр таржымалы, чыгармачылыгы, элибиздин тунгуч сүрөтчүсү катарында кыргыз сүрөт искусствосуна кошкон чоң салымы жана мамлекеттик ишмердиги тууралуу кеңири маалымат берди.

Андан соң сөзгө Ош шаарынын мэри Жантөрө Сатыбалдиев, Г.Айтиев туулуп өскөн Кара-Суу районундагы Төлөйкөн айылынан анын тууганы Турдубеков Аданбай аксакал, Кыргыз Республикасынын эл сүрөтчүсү Батыр Жалиев, Кыргызстандын сүрөтчүлөр Союзунун башкармасынын төрагасы Таалайбек Курманов сөзгө чыгышып, улуу талант Гапар Айтиевдин өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө айтышып, ой бөлүштү, эскертишти.

Белгилүү инсандын 90 жылдыгы искусство майрамына арналган бул салтанатта облустун сүрөт искусствосунун бир катар өкүлдөрүнө облустук мамлекеттик администрациясынын, шаардык мэриянын, Кыргызстан Сүрөтчүлөр Союзунун Ардак грамоталары, акчалай сыйлыктары жана сүрөт көргөзмөсүндөгү конкурста эмгектери жакшы бааланган авторлорго дипломдор, баалуу сыйлыктар тапшырылды.